КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

XXVIII чакырылышындагы Барскоон жергиликтүү кенешинин 2 кезектеги сессиясынан

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 18-апрели № 11** **Барскоон айылы**

## Жергиликтүү бюджеттен социалдык муктаждыктарга жана айылдын өнүгүүсүнө акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Барскоон жергиликтүү кеңешине, айыл өкмөтүнө келип түшкөн Жети-Өгүз райондук ветеринардык башкармалыгынын жетекчисинин орун басары Т.Ишенбаевдин, Барскоон айылынын тургуну А.Абаскановanын кайрылууларын жана Тосор айыл башчысы Э.Кускакбаевдин, айыл өкмөтүнүн жер адиси И.Исашовдун оозеки кайрылууларын угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51-беренесине ылайык, жергиликтүү бюджетинин эсебинен төмөндөгү максаттарга акча каражаттары бөлүнүп берилсин:

- Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 9-апрелиндеги Жети-Өгүз районунун аймагында жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо, эпизоотиялык ыңгайлуулукту, ветеринардык-санитардык коопсуздукту камсыз кылуу жөнүндө № 117 буйругунун, Жети-Өгүз райондук ветеринардык башкармалыгынын жетекчисинин орун басары Т.Ишенбаевдин кайрылуусунун негизинде окуу-семинар өткөрүүгө 200 000 (эки жүз миң) сом;
- Тосор айылдык эски маданият үйүнүн бузуу иштерине 100 000 (жүз миң) сом;
- Барскоон айылынын тургуну А.Абаскановanын кызы Расулова Айгерим “Турецкого синдром, пустого седла” форма “Аутизм” оорусу менен ооруп жаткандыгына байланыштуу дарылануусуна 10 000 сом;
- Барскоон айыл аймагындагы көрүстөндөрдүн жерлерин трансформациялоого тиешелүү иш кагаздарын даярдоого 100 000 (бир жүз миң) сом;

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 3 нуска